УДК:330.1:657:332.1

## КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АГРАРДЫК АЗЫК-ТҮЛҮК БАЗАРЫНЫН АБАЛЫН ТАЛДОО

**Бектурова Дамира Асановна (0000-0002-4178-6578)**

*Кыргыз улуттук агрардык университети, Бишкек, Кыргызстан*

**Аннотация***: өлкөдө азык-түлүк базарынын абалы биринчи кезекте айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн өндүрүштүк-экономикалык ишмердүүлүгүнөн, азык-түлүктүн импортунан, маркетинг системасынан жана айыл чарба продукциясын сатуудан көз каранды. Ошону менен бирге азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйү жана айыл чарбасын өнүктүрүү өз ара тыгыз байланышта. Заманбап агрардык азык-түлүк базары ички базарды өз өндүрүшүнүн негизги айыл чарба продукциялары менен толук каныктырууга жана дүйнөлүк рынокко экспорттук продукцияны көбөйтүүгө багытталган.*

**Өзөктүү сөздөр***: агрардык азык-түлүк базары, азык-түлүк коопсуздугу, айыл чарба продукциялары, мал чарба продукциялары, өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциялары, продукцияны өткөрүү, экспорт, импорт, мамлекттик колдоо.*

## АНАЛИЗ СОСТОЯНИЯ АГРОПРОДОВОЛЬСТВЕННОГО РЫНКА КЫРГЫЗСТАНА

**Бектурова Дамира Асановна (0000-0002-4178-6578)**

*Кыргызский национальный аграрный университет, Бишкек, Кыргызстан*

**Аннотация***: состояние агропродовольственного рынка зависит преимущественно от производственно-хозяйственной деятельности сельскохозяйственных товаропроизводителей, импорта продовольствия, системы сбыта и реализации сельхозпродукции. Проблема обеспечения продовольственной безопасности и развитие сельского хозяйства являются взаимосвязанными. Современный агропродовольственный рынок ориентирован на полное насыщение внутреннего рынка основными сельскохозяйственными продуктами собственного производства и рост экспортных поставок на мировые рынки.*

**Ключевые слова***: агропродовольственный рынок, продовольственная безопасность, сельскохозяйственная продукция, динамика, продукция животноводства, продукция растениеводства, реализация продукции, экспорт, импорт, государственная поддержка.*

## ANALYSIS OF THE STATE OF THE AGRI-FOOD MARKET OF KYRGYZSTAN

**Bekturova Damira Asanovna (0000-0002-4178-6578)**

*Kyrgyz National Agrarian University, Bishkek, Kyrgyzstan*

**Abstract***: the state of the agri-food market depends primarily on the production and economic activities of agricultural producers, food imports, the marketing system and sales of agricultural products. The problem of ensuring food security and agricultural development are interconnected. The modern agri-food market is focused on completely*

*saturating the domestic market with basic agricultural products of its own production and increasing export supplies to world markets.*

**Keywords**: *agri-food market, food security, agricultural products, dynamics, livestock farming, crop production, sales of products, export, import, government support.*

**1. Киришүү**

Өлкөдө азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйү жана айыл чарбасын өнүктүрүү өз ара тыгыз байланышта. Өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу шартында айылдык товар өндүрүүчүлөрдү мамлекет колдоосу зарыл. Азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуудагы негизги маселелердин тизмесине кирген бул, айылдык товар өндүрүүчүлөрдү директүү колдоо, кызмат көрсөтүүчү мамлекеттик жана жеке уюмдарды колдоо. Маалыматтык камсыздоону жана маалыматка жетүүнү жакшыртуу, ошондой эле айыл чарба өндүрүүчүлөрүн окутуу жана кооперацияны өнүктүрүү зарыл, бул өндүрүштүн туруктуулугун жогорулатууга жана өндүрүштүк тобокелдиктерди жана жоготууларды азайтууга мүмкүндүк берет. Бул үчүн өлкөдө агрардык азык-түлүк базарларын өнүктүрүү зарыл.

Агрардык азык-түлүк базарынын өнүгүү динамикасын азык-түлүк базарынын негизги секторлору аркылуу кароого болот. Заманбап агрардык азык-түлүк базары ички базарды өз өндүрүшүнүн негизги айыл чарба продукциялары менен толук каныктырууга жана дүйнөлүк рынокко экспорттук продукцияны көбөйтүүгө багытталган.

Азык-түлүк базарынын абалы биринчи кезекте айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн өндүрүштүк-экономикалык ишмердүүлүгүнөн, азык-түлүктүн импортунан, маркетинг системасынан жана айыл чарба продукциясын сатуудан көз каранды.

**2. Изилдөөнүн материалдары жана методдору**

Өлкөдө азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу көйгөйүн чечүү негизги маселе болуп саналат. Бул маселени чечүүдө агрардык азык түлүк базарларынын ролу чоң мааниге ээ. Ошонун негизинде агрардык азык-түлүк базарларынын 2018-2022 жылдардагы абалына талдоо жүргүүлдү. Талдоо адабий булактарда талкууланган фундаменталдык теориялык принциптерге таянып, статистикалык методдорду колдонуу менен жүргүзүлдү. Талдоонун негизинде анын абалы айыл чарба өндүрүүчүлөрүнөн жана өндүрүшүнөн, азык-түлүктүн экспортунан жана импортунан, айыл чарба продукцияларын өткөрүүнү ишке ашыруудан көз каранды экендиги белгиленди. Агрардык азык-түлүк базарларынын милдети болуп, ички базарларды өздүк өндүрүштүн айыл чарба продукциялары камсыздоо эсептелет.

Макаланы жазууда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтары пайдаланылды. Бардык көрсөткүчтөрдү талдоо статистикалык маалыматтарга таянуунун негизинде жүргүзүлдү.

**3. Изилдөө натыйжалары**

Акыркы беш жыл ичинде агрардык азык-түлүк базары кандай өнүгүп жатканын көрүү үчүн биз статистикалык маалыматтарды келтирдик (1-таблица).


1-таблицада көрсөтүлгөндөй, 2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу пахтанын түшүмү 2,4%га жогорулаган, тамеки өндүрүү 33,4%га, ал эми май өсүмдүктөрүн өндүрүү 44,4%га, кант кызылчасын өндүрүү 39,5%га азайган, арпа жана күрүч өндүрүү кыйла жогорулаган.

Бирок, негизги айыл чарба продукциясынын түрлөрүн өндүрүүнүн өсүшүнө карабастан, республикада азык-түлүктүн негизги түрлөрү менен өзүн-өзү камсыздоо жетиштүү деңгээлде эмес болгондуктан импортко болгон көз карандылыкты алып келет .

**1-таблица.** Республикада өндүрүлгөн негизги айыл чарба продукциясынын түрлөрү (миң тонна).

| Айыл чарба продукциясынын аталышы | 201 8 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2022-жылдын 2018-жылга карата динамикасы, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан (иштетүүдөн кийинки салмакта ) | 1741.5 | 1781.4 | 1 856,0 | 1,329,1 | 1,867,3 | 107.2 |
| Буудай (иштетүүдөн кийинки салмакта ) | 615.9 | 601.2 | 629.1 | 362.7 | 592.5 | 96.2 |
| Арпа | 429.3 | 465.9 | 510.2 | 274,0 | 539.6 | 125.7 |
| Жүгөрү дан үчүн | 692.9 | 711.8 | 714.1 | 691.1 | 732.6 | 105.7 |
| Күрүч (иштетүүдөн кийинки салмакта ) | 40.8 | 41.2 | 44.5 | 46.3 | 44.2 | 108.3 |
| Буурчак (иштетүүдөн кийинки салмакта ) | 106.6 | 108.6 | 107.2 | 85.5 | 80.7 | 75.7 |
| Кант кызылчасы (заводдук) | 773,0 | 741.1 | 448.8 | 365.6 | 468.1 | 60.5 |
| Чийки пахта (зачеттук салмакта) | 74.7 | 80.2 | 72.8 | 66.9 | 76.5 | 102.4 |
| Тамеки (зачеттук салмакта) | 1.8 | 0.9 | 1.0 | 1.1 | 1.2 | 66.6 |
| Май өсүмдүктөрү | 35.4 | 31.1 | 23.9 | 17.8 | 19.7 | 55.6 |
| Картошка | 1,446,6 | 1,373,8 | 1,327,2 | 1,289,1 | 1,275,0 | 88.1 |
| Жашылчалар | 1094.9 | 1,133,6 | 1,131,2 | 1,114.1 | 1,163,6 | |
| 106.3 | | | | | | |
| Бахча өсүмдүктөрү | 249.1 | 245.8 | 261.5 | 224.9 | 226.1 | 90.7 |
| Мөмө-жемиш | 251.4 | 269.5 | 278,0 | 266.4 | 275.5 | 109.6 |
| Жүзүм | 8.8 | 8.9 | 9.3 | 7.4 | 7.3 | 82.9 |
| Эт (союулган салмакта) | 221.3 | 226.2 | 230.4 | 235,0 | 248.3 | 112.2 |
| Чийки сүт | 1,589,7 | 1 627.8 | 1,668,0 | 1,698,9 | 1,734,1 | 109.1 |
| Жумуртка, миллион даана. | 533.2 | 561.3 | 562,0 | 564.2 | 607.9 | 114,0 |
| Жүн (физикалык салмакта), тонна | 12,798,4 | 12,943,2 | 13 110.4 | 13145.6 | 12,939,1 | 101.1 |
| Бал, тонна | 1,957,8 | 2,270.1 | 1,918,1 | 2,364,5 | 2,970,0 | 151.7 |

1-Граф. Өлкөнүн ички өндүрүштүн азык-түлүгү жана айыл чарба продукциялары менен камсыз болуу динамикасы (%).




Мал чарба продукцияларынын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү жаныбарлардын генетикалык потенциалынын төмөндүгү, заманбап багуу жана тоюттандыруу технологияларынын жоктугу жана башка ушул сыяктуу факторлор менен байланыштуу. Мунун баары малдын өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнүн артта калышына алып келет. Өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукциясынын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү кийинки факторлорго байланыштуу. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн сортторунун түшүмдүүлүгүнүн начардыгы, интенсивдүү технологияларды колдонууга шарттардын жоктугу, жердин кыртышынын асылдуулугунун төмөндүгү жана жерди өздөштүрүүдө техниканын жетишсиздиги менен белгиленет (КР УСК. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы. 2018-2022. Жылдык басылма. – Бишкек, 2023-ж.).

Кыргыз Республикасында 2022-жылы калктын киши башына айыл чарба продукциясынын негизги түрлөрүн өндүрүүнүн көлөмү төмөнкүдөн турат (кг менен): эт жана канаттуулар (союлган салмакта) - 39, сүт (чийки) - 275, жумуртка - 134 даана, дан - 316, картошка - 202, жашылча - 221, мөмө-жемиш - 44.

2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу калктын киши башына сүт өндүрүү 5,3%, эт жана канаттуулар 8,3%, жумуртка 52,3%, дан 1,6%, мөмө-жемиштер 7,3% көбөйгөн, жашылчаларды өндүрүүдө өзгөрүү болгон эмес, бирок айыл чарба продукциясынын негизги түрү болгон картошканы өндүрүү калктын жан башына 15,1%га кыскарган.

Кыргыз Республикасында 2022-жылы азык-түлүктү керектөө киши башына төмөнкүнү түздү (кг менен): эт - 46,9, сүт жана сүт азыктары - 220,3, жумуртка - 121,6 даана, балык жана балык азыктары - 3,0, кант - 26,2, өсүмдүк майы - 17,1, картошка - 105, 7, жашылча жана коон - 177,6, мөмө-жемиштер – 44,6 , дан азыктары – 87,4 .

Калктын киши башына азык-түлүктү керектөө боюнча 2022-жылы 2018-жылга салыштырмалуу эт, жумуртка, кант, балык жана балык азыктары, өсүмдүк майы, мөмө-жемиш жана нан азыктары сыяктуу азык-түлүктөр боюнча керектөө тиешелүүлүгүнө жараша 1,1; 36.2; 2.7; 172,7; 50; 33,1 жана 4,5%% га өсту, сүттү жана сүт азыктарын, картошканы, жашылчаларды жана бахча азыктарын 1,8; 26,8; жана 5,2 кг га калктын киши башына керектөө азайган.


Азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлин

**2-таблица.** Тышкы экономикалык ишкердүүлүктүн товардык номенклатурасынын бөлүмдөрү боюнча импорттун структурасы (миллион АКШ доллары)

| Продукциянын аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | 2022-жылдын 2018-жылга карата динамикасы, % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы боюнча бардыгы | 5291.9 | 4989.0 | 3718.8 | 5580.2 | 9803.1 | 185.2 |
| Айыл чарбасы боюнча бардыгы | 596.1 | 673.3 | 610.2 | 870.1 | 1171.5 | 196.5 |
| Тирүү жандыктар жана жандыктардан алынган азыктар | 46.9 | 58.2 | 61.5 | 97.8 | 122.6 | 261.4 |
| Өсүмдүктөн алынган азыктар | 157.9 | 204.3 | 196.7 | 288.9 | 319.5 | 202.3 |
| Жандыктардан жана өсүмдүктөн алынган майлар жана аларды эритүүдө алынган азыктар | 53.9 | 53.7 | 52.8 | 76.6 | 108.8 | 201.8 |
| Даяр тамак-аш азыктары; алкоголдук жана алкоголсуз суусундуктар жана уксус; тамеки жана аны алмаштыруучу заттар | 337.4 | 357.1 | 299.2 | 406.8 | 620.6 | 183.9 |

**3-таблица.** Тышкы экономикалык ишкердүүлүктүн товардык номенклатурасынын бөлүмдөрү боюнча экспорттун түзүмү 1 (миллион АКШ доллары)

| Продукциянын аталышы | 2018 | 2019 | 2020 | 2021 | 2022 | Динамика 2022 2018-жылга карата пайыз катары |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы боюнча бардыгы | 1836.8 | 1986.1 | 1973.2 | 2752.2 | 2254.7 | 122.7 |
| Айыл чарбасы боюнча бардыгы | 198.6 | 257.9 | 261,0 | 298.4 | 441.4 | 222.2 |
| Тирүү жандыктар жана жандыктардан алынган азыктар | 46.1 | 62.9 | 84.1 | 85.1 | 152.5 | 330.8 |
| Өсүмдүктөн алынган азыктар | 96.1 | 135.8 | 125.5 | 138.5 | 220.9 | 229.8 |
| Жандыктардан жана өсүмдүктөн алынган майлар жана аларды эритүүдө алынган азыктар | 0.4 | 0.8 | 0.3 | 0.5 | 0.7 | 175 |
| Даяр тамак-аш азыктары; алкоголдук жана алкоголсуз суусундуктар жана уксус; тамеки жана аны алмаштыруучу заттар | 56,0 | 58.4 | 51.1 | 74.3 | 67.3 | 120.1 |




**2-График.** Айыл чарба продукциясынын экспортунун жана импортунун динамикасы.

баалоо үчүн өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн негизги продукцияларынын катарына продукциянын 6 түрү кирет: нан жана нан азыктары; картошка; мөмө-жемиштер; жашылча жана бахча азыктары; кант; өсүмдүк майы. Ал эми азык-түлүк коопсуздугунун деңгээлин баалоо үчүн негизги мал чарба продукциясынын катарына продукциянын 3 түрү кирет: сүт жана сүт азыктары; эт жана эт азыктары; жумуртка (1-сүрөт).

2018-жылга салыштырмалуу 2022-жылы азык-түлүк коопсуздугунун 9 түрүнүн ичинен ички өндүрүштүн эсебинен толук өзүн-өзү камсыздоого азык-түлүктүн бир түрү боюнча гана жетишилди: сүт – 108,8%. Ал эми жашылча - 95,6%, картошка - 94,4%, мөмө-жемиш - 89,1%, жумуртка - 81,3% гана камсыз болгон . Өлкөдө калкты ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн эсебинен толук камсыз кылуу үчүн бардык зарыл шарттар бар. Алар төмөнкү айыл чарба продукциялары: картошка, жашылча жана мөмө-жемиштер. Айыл чарба өндүрүшүнүн начар өнүгүүсү азык-түлүк коопсуздугунун төмөндөшүнө алып келет, мындан тышкары кайра иштетүү көлөмүнүн аздыгы айыл чарба өндүрүшүнүн өсүшүнө экономикалык стимулдарды азайтат; Азыркы учурда республикада өндүрүлгөн сүттүн үчтөн биринен азы кайра иштетилет, жашылчалардын, мөмө-жемиштердин жалпы өндүрүшүнүн 15%га чейинкиси, эттин 5%дан азы гана кайра иштетилет.

Мисалы, 2022-жылы дээрлик 189,2 миң тонна буудай импорттолгон (КР УСК. Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдарга статистикалык жылдык басылышы . – Бишкек, 2023-ж.).

Өндүрүлгөн продукция негизинен республиканын ичинде калууда, бул айыл чарбасында товардык өндүрүштүн өнүкпөгөндүгүн тастыктайт (2-таблица).

Маркетинг системасы жана айыл чарба продукциясын сатуу маселеси боюнча негизги соода өнөктөштөрү болгон Россия жана Казакстан менен айыл чарба продукциясынын саны, сапаты жана ассортименти боюнча тиешелүү макулдашуулар түзүлүүгө тийиш. Азыркы учурда айыл чарба товарларынын төмөнкүдөй негизги түрлөрү экспорттолот (3-таблица).

2022-жылга чейин жалпы республика боюнча - айыл чарба продукциясын экспорттоонун эсепке алынбаган

көлөмүн кошумча эсептөөнү эске алуу менен, товардык топтору боюнча - бул көлөмдү эсепке алуусуз (КР УСК. Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдарга статистикалык жылдык басылышы . – Бишкек, 2023-ж.).

2022-жылдын динамикасы 2018-жылга салыштырмалуу айыл чарба продукциясынын экспорту 122,2%га, импорт 96,5%га өскөндүгүн көрсөтүп турат (2-сүрөт).

**4. Талкуулоо**

Талкулоодогу негизги суроо болуп, агрардык азык-түлүк базарларынын абалынын талдоосуу каралган. Республиканын ЕАЭБге кириши менен айыл чарба товарларын экспорттоо үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылды. Бирок учурда айыл чарба товарларын толук экспорттоого мүмкүн болбой жатат. Республика тышкы рынокко эт жана сүт азыктарын, жашылчаларды жана жемиштерди, картошканы жана коон-дарбызды чыгара алат. Бардык продукциялар эл аралык деңгээлдетаанылганлабораториятарабынан берилген сертификатка ээ болушу керек . ЕАЭБге киргенден кийин Кыргызстанда мындай лабораториялар ачыла баштаган. Бирок бүгүнкү күндө Кыргызстандарт системасында Борбордук аппаратта 6 стандарттык калибрлөө лабораториясы, 36 калибрлөө лабораториясы, 5 калибрлөө лабораториясы жана аймактык борборлордо 6 сыноо лабораториясы ачылган. Алардын саны жетишсиз болгондуктан эл аралык стандарттагы лабораторияларды куруу үчүн инвесторлорду тартуу боюнча донорлор менен сүйлөшүүлөр жүрүп жатат. Кыргыз Республикасында стандартташтыруу, метрология, шайкештикти баалоо жана аккредитация чөйрөсүндө сапаттын улуттук инфраструктурасын өнүктүрүү максатында министрликтин адистери менен бирдикте « 2024-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын референттик базасын өнүктүрүү программасы ” иштелип чыккан.

Продукциянын сатуудагы акыркы баасында айыл чарба өндүрүүчүнүн үлүшү эң аз. Дыйкандар базардагы суроо-талап менен сунушту билбегендиктен, сактоочу кампалардын жоктугунан өндүргөн продукциясын сатууда чоң жоготууга учурап жатышат. Алар көбүнчө ортомчу компанияларга өз продукцияларын минималдуу баада сатышат. Бул чарбаларды өнүктүрүү үчүн жетиштүү финансы ресурстарынан гана ажыратпастан, ошондой эле аларды өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүү үчүн экономикалык мотивдерден да ажыратат.

Ошол эле учурда Кыргызстандын ички рыногунда чет элдик продукцияга атаандаштык күч алууда. Жагымдуу таңгактагы жана өнүккөн бренддеги жогорку сапаттагы продукцияга дүйнөлүк суроо-талапты жогорулатуу үчүн түзүлгөн шарттардан улам, бүгүнкү күндө айыл чарба продукциясын кайра иштетүүнүн жаңы деңгээлине (жуу, таңгактоо, сорттоо ж.б.) өтүү зарылчылыгы өсүп жатат. Бүгүнкү күндө дыйкандар, дыйкан чарбалары, кооперативдер жана башка соода-сатып алуу ишканалары ички жана тышкы рыноктун керектөөлөрүн канааттандыра турган адистештирилген, сапаттуу жабдууга ээ эмес.

**5. Корутундулар**

Айыл чарбасынын негизги алдыга коюлган милдеттери болуп, өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу жана экспорттук потенциалды жогорулатуу эсептелет. Аны чечүү үчүн өлкөдө бардык өбөлгөлөр бар: мамлекеттик колдоо, жагымдуу инвестициялык климат, зор ресурстукпотенциал.Өсүмдүкөстүрүүчүлүк чарбасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары жер кыртышынын асылдуулугун сактоо жана жогорулатуу (айыл чарба жерлеринин асылдуулугун сактоо, көбөйтүү жана сарамжалдуу пайдалануу), агрохимиялык жана мелиоративдик иш-чараларды, минералдык жер семирткичтерди жана өсүмдүктөрдү коргоо каражаттарын колдонуу, түшүмдүүлүгү жогору болгон жаңы өсүмдүктөрдү өздөштүрүү, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн жаңы

технологияларын колдонуу кирет.

Мал чарбасында эт жана сүт өндүрүүнү пландуу түрдө көбөйтүү улантылууга тийиш. Ушуга байланыштуу селекциянын мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдалануу, тоют менен камсыздоону жакшыртуу, технологиялык процесстерди оптималдаштыруу зарыл, бул бизге жакынкы жылдарда өзүбүздү негизги тамак-аш азыктары менен толук камсыз кылууга жана жана экспорттун жаңы багыттарын өздөштүрүүнү иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

**6. Колдонулган адабияттар**

1. 2021-2025-жылдарга Кыргыз Республикасынын айыл чарбасын өнүктүрүү стратегиясы . - Бишкек, 2020-жыл.

2. КР УСК, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасы 2018-2022-жж. - Б., КР УСК - 2023. -28-32б.

3. 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. - Бишкек, 2018.94-95 б.

4. КР УСК. Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдарга статистикалык жылдык китеби. Жылдык басылма. – Бишкек, 2023-жыл.

5. 2020-2022 жылдардагы Евразиялык экономикалык биримдиктин мүчөлөрү болгон мамлекттердин айыл чарба продукция жана тамак-аш менен камсыздык мониторинги.